И. Арабаев атындагы КМУнун жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы Д 13.23.662 диссертациялык кеңештин эксперти педагогика илимдеринин кандидаты, профессор Иманалиев Токтобек Тыбыновичтин 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окмуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Айдаров Азамат Жекшенбаевичтин “Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу” деген темадагы диссертациялык ишине.

## К О Р У Т У Н Д У С У

Эксперт изденүүчү Айдаров Азаматтын педагогика илимдеринин кандидаты окмуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген “Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу” деген темадагы диссертациясын карап чыгып төмөндөгүдөй чечимге келди:

**1.Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация Д 13.23.662 диссертациялык кеңештин профилине дал келет. Иштин мазмуну 13.00.01–жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигинин паспортуна толук жооп берет. Иштин негизги натыйжалары окуучулардын экологиялык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун теориялык жана практикалык негиздерин, окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун моделин, педагогикалык шарттарын аныктап, аларды ынанымдуу аргументтер менен тастыктайт.

**2.Иштин максаты:** статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо деп берилип, ал максатка жетүү үчүн изилдөөнүн алдында үч милдетти чечүү каралган:

–окуучулардын экологиялык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун теориялык жана практикалык негиздерин аныктоо;

–статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык моделин иштеп чыгуу;

–статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктап, аларды эксперименталдык жактан текшерүү.

Аталган милдеттер изилдөөнүн алдына коюлган максатка жетүүгө толук мүмкүнчүлүк берет, анын үстүнө, изилдөөлөр үч этапта жүргүзүлүп, анын жүрүшүндө теориялык да эмпирикалык да методдор колдонулган.

Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу төмөнкүлөрдө. Экологиялык билим берүү педагогика илиминде маанилүү орунду ээлейт. Ал жаш

муундардын табиятты таанып билүүсүнө жол ачат, экологиялык маданиятты калыптандырат. Анын үстүнө, азыркы учурда курчап турган чөйрөнү ушул калыбында сактап калуу адамзаттын алдында турган олуттуу проблемалардан. Ошондон улам болочок муунга экологиялык билим берүү өзгөчө актуалдуу.

Азыркы экологиялык кырдаалдын татаалданышы жана анын масштабы мектеп окуучуларына системдүү экологиялык билим берүүнү өнүктүрүү муктаждыгын жаратып жатат. Ушундан улам адамзаттын алдында турган проблеманы түшүнгөн жана чыгармачыл ой жүгүрткөн социалдык жана коомдук проблемаларды чечүүгө жөндөмдүү, экология маселелери боюнча компетенттүү инсанды калыптандыруу – замандын талабы болуп калды.

Иштин максаты, милдеттери жетиштүү деңгээлде аныкталган. Жалпысынан диссертациялык иштин темасы актуалдуу, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхына тийиштүү салым кошот деп эсептесе болот.

**3.Илимий натыйжалар**

3.1. Иште үч илимий натыйжалар белгиленген: педагогикалык адабияттарды жана практикалык изилдөөлөрдү талдоонун негизинде заманбап статустук мектептердин КР билим берүү системасындагы орду, алардагы жогорку класстардын окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий негиздери аныкталганы ( 1-натыйжа), статустук мектептердеги жогорку класстын окуучуларынын экологиялык компетенттүүлүгүнүн теориялык модели, алардын когнитивдүүлүк, керектөөчүлүк-мотивациялык, практикалык – иш аракеттик, эмоционалдык-эрктүү компоненттери иштелип чыгып, сунушталганы (2-натыйжа), статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары аныкталып, локалдык деңгээлдеги долбоордук-экологиялык окутуунун педагогикалык технологиясы иштелип чыккандыгы (3-натыйжа).

Биздин оюбузча, алынган илимий натыйжалар ынанымдуу жана илимий багытта жетишерлик баалуулукка ээ.

3.2. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн камсызкылуу максатында изденүүчү 125 илимий булактарды изилдеген жана талдаган, илимий-теориялык жоболорго таянып жана аларды негиздүү колдонуп топтолгон материалдарды илимий интерпретациялоого жетише алган.

3.3. Иштин жетиштүү деңгээлдеги теориялык жана практикалык мааниси бар, анткени изилдөөлөрдүн негизинде алынган материалдар окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу боюнча болгон илимий теорияны мындан ары тереңдетип, байыта алат.

3.4. Классификациялык белгилерге дал келиши. Диссертациялык иш мүнөзү боюнча-илимий өңүттө негиздүү жоболорду камтыйт, жаңылыгы

боюнча-алынган натыйжалар жаңы жана баалуу, изилдөөлөрдөн келип чыккан натыйлар тармактын алкагында колдонууга жарайт.

**4.Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү**

Изденүүчү тарабынан алынган натыйжалар статустук мектептерде жогорку класстагы окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандырууда колдонууга болот.

**5.Автореферattтын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Авторефераттын көлөмү 26 бет, негизинен, андагы коюлган максат, милдеттер, жалпы мазмуну диссертациянын мазмунуна дал келет. Авторефератта кыргыз, орус жана англис тилдеринде резюмелер бар.

**6.Диссертацияда орун алган кемчиликтер:**

6.1. Диссертациялык иштин актуалдуулугун азыркы учурдагы КР дагы экологиялык кырдаал (мисалы, кыш мезгилиндеги түтүн, таштандылар, пластик буюм-теримдер, ж.б.) тууралуу көйгөлөр менен күчөтүү ашык болбойт деп сунуш кылам. Актуалдуулугу жалпы эле көйгөлөр менен берилип, конкреттүү болбой калган.

6.2. Диссертациялык иштеги (8 б), авторефераттагы (5 б) “Изилдөөнүн теориялык мааниси” деген пункту алып коюуу зарыл, мындай пункт Инструкцияда каралган эмес.

6.3. Диссертациянын текстиндеги изилдөөчү-авторлорго келтирилген шилтемелердин дээрлик баарын карап чыгып адабияттар тизмегиндеги номерлерге дал келтириш керек.

6.4. Диссертациялык иштин жалпы көлөмү Инструкциянын 1.5-пунктуна ылайык адабияттардын тизмегин, тиркемелерди кошпогондо **150 барактан кем болбош керек.** Ал эми бул диссертациялык иш 131 барактан болуп калган. Ошондой эле иштин I бапы, жалпы көлөмдүн 37% ээлейт, ал эми Инструкцияда (2,5 п) I баптын көлөмү жалпы көлөмдүн 25% эле түзүшү керек деп берилген.

6.5. Экинчи бапта изилдөөнүн илимий методдору эмне үчүн, кандай колдонулганы чечмеленбей калган (байкоо методдунан башкалары), ал эми, анкетирлөө (сурамжылоо), пед. эксперимент, математикалык – статистикалык метод сыяктуулар изилдөөлөрдүн методдорунун тизмегинде жок, бирок, тексте колдондук деп берилген.

6.6. Диссертациянын 90-бетинде экологиялык компетенттүүлүктү калыптандыруунун модели көрсөтүлгөн жана ал окутуунун 6 принцибине негизделген деп, алардын экөөсү чечмеленген, калган принциптер эмне үчүн

ачыкталып, чечмеленбей калган? Ошондой эле бул моделдин көрсөткүчтөрү, критерийлери кайсылар, деңгээлдери кантип аныкталат тексте эч кандай маалымат жок, бул модель кантип, эмне аркылуу иштейт?

6.7. Диссертациялык иште педагогикалык эксперименттин маңызы эмне экени ачыкталбай калган. Педагогикалык шарттар аныкталыптыр, модель иштелип чыгыптыр, ал эми пед. экспериментте эмне, кандай текшерилди?

6.8. Диссертациянын 102-бетинде "...экологиялык компетенттүүлүктүн деңгээлин аныктоонун диагностикалык программасы" иштелип чыкты деп берилген, бирок, ал программа иште жок, жана ошондой эле, тактоочу эксперименттин материалдары, экологиялык компетенттүүлүктүн көрүнүшүн мүнөздөгөн орточо жыйынтык, алардын өнүгүү деңгээлин мүнөздөөчү орточо балл алынды деп ырасталат, бирок ал материалдар иште жок.

6.9. Диссертацияда 3.2,3.3 таблицаларында (105,106 б), 3.4 таблицада 3.4-сүрөттө (108 б) ... окуучулардын экологиялык иштин түрүн тандоосу деп көрсөтүлгөн, бирок бул материалдар эмненин негизинде, кантип алынганы белгисиз.

6.10. Диссертациянын 3.5 таблицасында (112 б) "Репродуктивдүү", "Реконструктивдүү", "Чыгармачыл" деген деңгээлдер кайдан алынды? Себеби автордук моделде мындай деңгээлдер көрсөтүлгөн эмес.

6.11. Иштин 3.6 таблицасында экологиялык компетенттүүлүгүнүн когнитивдик 7 компоненти көрсөтүлгөн, бирок алар автор иштеп чыккан (модель боюнча, 94 б) компоненттерге толук дал келбейт.

6.12. Иштин максатын, же изилдөөнүн 3-милдетин кайра карап чыгуу талапка ылайык, себеби алар бири-бирин кайталап калган.

6.13. Диссертациялык изилдөөлөрдүн негизинде алынган 1 жана 3-корутундуларды кайра карап чыгып, коюлган тийиштүү милдеттерге ылайыктап, конкреттештирүү зарылчылыгы бар.

**7.Сунуштар.** Жогоруда көрсөтүлгөн кемчиликтер, биздин оюбузча, принципиалдуу эмес, ошондуктан бул кемчиликтердин үстүнөн иштеп, ондоп чыгуу көп эмгекти талап кылбайт.

**8.Кабыл алуу боюнча сунуш. Белгиленген кемчиликтер ондолгондон кийин ишти алдын ала коргоого кабыл алууга болот.**

**9.Бүтүм.** Айдаров Азаматтын "Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу" деген темадагы диссертациясы 13.00.01-жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүү тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окмуштуулук даражасын изденип алуу үчүн өз алдынча аткарылган илимий-квалификациялык иш катары эсептөөгө жарайт жана жаңы илимий натыйжаларды камтыйт. Изденүүчүнүн жеке салымы, ага таандык идея жана

аналитикалык ырастоолор негизинен жетиштүү жана педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алууга татыктуу.

10.Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып И. Арабаев атындагы КМУга жана Кыргыз билим берүү академиясынына караштуу Д 13.23.662 диссертациялык кеңешине 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окмуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Айдаров Азаматтын "Статустук мектептерде окуучулардын экологиялык компетенттүүлүгүн калыптандыруу" деген темадагы диссертациясын алдын ала коргоого кабыл алууга сунуштайм.

Б. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик
дене тарбия жана спорт академиясынын
дене тарбиянын жана спорттун теориясы
жана методикасы кафедрасынын
профессору, п.и.к. Т.Т. Иманалиев

Т.Т. Иманалиев койгон кол белгисин
тастыктайм. Диссертациялык кеңештин
окмуштуу катчысы п.и.к., доцент А.О. Абдыкапарова

12.10.2023-ж

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ